Х.Жээнбаев атындагы мектеп – лицейи

# Тарбиялык саат

## «Мугалим – ардактуу кесип»



Класс жетекчи: Каимбаева Г.К.

Сканировано с CamScanner

**Тарбиялык саат**

**Классы:9 «б».**

**Темасы: «Мугалим – ардактуу кесип».**

**Сабактын максаты:** а) Мугалим – ардактуу кесип экенине маани берүүү, мугалимдин кадыр-баркын көтөрүү, кесип тууралуу кеңири маалымат берүү;

б) Макал-ылакаптарды жаттоо, сөз берметтерин жыйноо, адептүү сүйлөй билүүгө, сөзмөрлүккө чечендикке үйрөтүү;

в) Мугалимдик кесипти жана мугалимдин эмгегин сыйлоого жана сүйүүгө тарбиялоо.

**Сабактын жабдылышы:** мугалим жөнүндөгү ураандар, ырлар, жаңылмачтар, учкул сөздөр. Кластер, РАФТ стратегиялары

**Сабактын формасы:** тарбиялык саат

**Сабактын жүрүшү:**

а) Уюштуруу б) Жаңы сабак в) Бышыктоо г) Үйгө тапшырма

**Мугалим:**

«Окуу – билим азыгы, билим-ырыс азыгы» дегендей, «А» тамгасын таанытып, 10 жыл билим, таалим-тарбия берип, эрезеге жеткирген – бул мектеп. Ал эми ар бир баланын мүнөзүнө жараша мамиле кылып, баланын жөндөмүнө, шыгына жараша билим берип, турмуш жолуна салган албетте, бул мугалим. Мугалимдин талбаган эмгегин айтып отурса эч түгөнбөгөн дастан болот.

**Мугалим ким?**

Мугалим ким, ал биз өңдүү адамбы? Кантип алар өзгөртүшөт заманды?

Ал улуу жан, адамдардын адамы, Жакшылыкка арышталат кадамы.

Ата-Журтка күнү-түнү кам жейби, Айтчы, аның тамак ичип, нан жейби?

Отурганда кошо сүйлөп сабакты, Окуучуну ойлоп ичет тамакты.

Кеч киргиче мектебинен чыкпайбы? Айтчы, аның үйгө барса уктайбы?

Сабак калса капчыгына күч келет, Уктаса да окуучуну түш көрөт.

Мугалим ким, каткырабы, күлөбү? Элге окшоп аш-тойлордо жүрөбү?

Күлгөнүнөн ой басканы көбүрөөк, Аш-тойлордо анда-санда көрүнөт.

Чарчабайбы ызы-чуудан, баладан? Үйгө барып иш кылабы ал адам?

Мектепти да, үйдү дагы ардактайт, Мекен жүгү аны эч качан чарчатпайт.

Эл өңдөнүп эс алганды болжойбу? Компьютердин оюндарын ойнойбу?

Андай кылса сабак калат, иш калат, Андан көрө план жазат тытмалап.

Сканировано с CamScanner

Аның эмне, башкалардан кем беле? Пара алып байып кетпейт эмнеге?

Коррупцияны, жемкорлукту жек көрөт, Таза иштеп, таза жашоо өткөрөт.

Капчыгында айтчы канча теңге бар? Чөнтөгү көп сумкесинде эмне бар?

Анда болбойт акча сүймөй адаттар, Сумкесинде бор, калемсап, барак бар.

**Мугалим:**

Биз окуткан балдар билимдүү болсо, коом да ошончолук бекем болот. "Дарак жемиши, адам иши менен нарктуу" дегендей, мугалим – өнөр ээси, тарбиячы ата-эне, чыгармачыл адам жана окуучунун ой жүгүртүүсүн жандантып, окууга болгон умтулуусун ойготуп, аны келечекте жакшы адам болуп калыптанышына күзгү болуп туруш керек.

Окуучунун "саламатсызбы?" деп учурашканы мугалимдин жан дүйнөсүн нурлантат. Албетте, жугумдуу билим бериш үчүн бекем эрк, предметин мыкты билген, билимдүү, ой чабыты кенен болсо окуучулары жашоого, турмушка туура тарбияланат. Билим сапатынын ачкычы мугалимдин колунда деп айтышат. А бирок коомдогу көйгөйлөр көмүскөдө калып жатпайбы. Мисалы, билим сапатынын төмөндүгү бир нече факторлорго байланыштуу.

Алар: окуучунун ден соолугунун чың болушуна күнүмдүк тамак-ашка керектүү витаминдер менен азыктанбагандары; кээ бир ата-энелердин аракка берилүүсү; ата-энелердин күн-түн (2 сменде) иштегени, балдарына көңүл буруунун жоктугу; айрым окуучулар ата-энелери менен базарда соода-сатык кылышы; ата-энелердин чет өлкөлөргө иштөөгө кетиши (балдарын туугандарына калтыруусу); мектепке чейинки бала-бакчалардын аздыгы; педагог адистердин, окуу китептердин жетишпегендиги; айрым ата-энелердин динге берилиши менен өз балдарын дагы медресеге бериши; ата-эненин баланын билим алуусуна көңүл коштугу. Коомдогу ушундай көйгөйлөр окуучунун билим-тарбия алуусун төмөндөтөт. Бир эле менин эмес, бардык мугалимдердин жүрөгүн ооруткан бул маселелер үй-бүлөбүздү унуттуруп, өз балдарыбызга жеткиликтүү көңүл бөлбөгөнгө алып келгени мени өкүндүрөт. Мейли конокто отуралы, мейли театрга баралы жүрөгүбүздө мектептеги окуучулардын түйшүгү тынч отургузбайт. Ата-энелердин жоопкерчилигин күчөткөн мыйзамды тезинен кабыл алуу керек. Же болбосо окуучу үй-бүлөлүк шарт боюнча өз жанын кыйса дагы мугалим, мектеп күнөөлүү, окуучу мектептен чыккандан кийин тентек кылса дагы биз күнөөлүбүз.

Мугалим ким, кандай жерди жайлаган? Барбы анын машинеси айдаган?

Шашкалактап жүрөт дайым жүгүрүп, Маршруткада келет күндө тыгылып.

Көңүлү анын качан толуп жай болот? Айтчы, качан ал мугалим бай болот?

Бактылуулук ар бир жашоо ирмеми, Ал бай болот айлык алган күндөрү.

Сөздү алар неге жакшы көрүшөт? Бош болсо эле ушакташа беришет.

Бир-биринен тажрыйба көп сурап, Сүйлөсө эле окуучуну кеп кылат.

Неге алардан мээрим нуру төгүлөт, Улгайса да жапжаш бойдон көрүнөт?

Сканировано с CamScanner

Окуучудан таап алат бак сырын, Ошон үчүн сактап калат жаштыгын.

Айлык аз деп алаксыбай китепке, Талап коюп чыкпайт эмне пикетке?

Байлык эмес, билим издейт жан үрөп, Бар дүйнөгө кылат алар каниет.

30-40 жыл иштей берет бир жерде, Анын орду керектир кээ бирлерге?

Көп жыл иштейт бир орунда булар чын, Аз айлыкка кимдин көзү кызарсын.

Агайлар жок мектеп азап чекпейби? "Агай" деген сөз жоголуп кетпейби?

Азырынча бар "агайдын" кабары, Сактап турат физкультура сабагы.

Эмгек менен өтөт экен ай-жылы, Айтчы, канча ал адамдын айлыгы?

Мен жооп берсем жалган айткан болом го, Өкмөт акем жооп берсин- бул соболго.

**Мугалим:** Баарыбыз мугалимдин колунан билим алдык. Мугалимге каяша, сын айтуу, алардын аброюна шек келтирүүгө акыбыз жок.

Кыргыз эли эзелтен УСТАТЫН сыйлап, таазим этип келген. Мугалимдердин маселеси өтө курч экени белгилүү. Менимче, мугалимдердин бе-делин көтөрүү бир эле кийимге же алардын айлыгын көтөрүүгө көз каранды эмес, бул маселени терең карашыбыз зарыл. Кыйынчылык кезде дагы чыныгы мугалимдер өз ордун таштабай, балдарга билим берип келатышат. "Мугалимдин статусу" мыйзамын кабыл алганыбыз менен, ал жакшы иштебей жатат, муну моюнга алышыбыз керек. Дегеле билим берүү системасы түп-тамыры менен реформага муктаж. "Бөдөнөнү сойсо дагы касапчы сойсун" деген кеп бекеринен кыргызда айтылган эмес. Мугалимден өткөн билимдүү, маданияттуу адам жок. Мугалимдер жупуну болсо дагы жарашыктуу, таза кийимдерди кийип, билимге сугарып келаткан өз кесибинин баба-дыйкандары. Мүмкүн ушул жакшы жөрөлгөнү жайылтуу керек, эгерде айрымдарга кийим маселеси абдан маанилүү болуп жатса. Бирок мугалим үчүн биринчи планда окуу планы, стандарт, сапаттуу билим берүү, окуу китеби ж.б.у.с. маселелер турат.

**Сабактын жыйынтыгы:** Эссе "Мугалим – мөмөлүү дарак".

Сканировано с CamScanner